# АСАНАЛИЕВ ҮСӨНБЕК АСАНАЛИЕВИЧ – 80 жашта



Үсөнбек Асаналиев 1932-жылдын 14-августунда Жети-Өгүз районунун Даркан айылында төрөлгөн.

1949-жылы Даркан орто мектебин бүтүрүп. Пржевальск (азыркы Каракол) шаарындагы эки жылдык мугалимдер институтуна кирген. Ал институттун биринчи курсун аяктап, Республикада жаңы ачылган Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факуль-тетин (1951-1956) бүтүргөн.

1956-1958-жылдарда Даркан орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштеген.

1959-1968-жылдарда Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил, адабият институтунда лаборант, кенже илимий кызматкер, 1968 - 1971-жылдарда Кыргыз ССР Илимдер академиясынын алдындагы жаңы уюшулган Кыргыз Совет энциклопедиясында сөздүк жана илимий контрол редакциясынын башчысы, жооптуу катчы кызматтарында эмгектенет. Ошол эле жылдарда көрүнүктүү түркolog, академик И.А.Батманов жетектеген түркология секторунда «Лобнор тилинин грамматикалык кыскача очерки» (1967) аттуу кандидаттык диссертация жазып коргогон. Эмгекте уйгур, кыргыз, лобнор тилинин материалдары салыштырылып, лобнор тилинде кыргыз тилинин да элементтери камтылганы көрсөтүлгөн.

1971-1993-жылдарда КМУнун кыргыз тил илими кафедрасында улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп иштеп, «Түркология», «Түрк тилдеринин салыштырма граммати-касы», «Кыргыз тилинин жана жазуусунун тарыхы», «Тил илимине киришүү» сабактарынан лекция окуган.

1993-жылдан К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында доцент, кафедра башчысы, профессор болуп эмгектенип келе жатат.

2004-жылы «Тунгус-манжур, монгол, байыркы түрк жана кыргыз тилинин кээ бир лексикалык параллелдери» аттуу темада докторлук диссертациясын

ийгиликтүү коргогон. Эмгек – кыргыз тил илиминдеги алтаистика боюнча жазылган алгачкы саамалык.

Ү.Асаналиев сөз бакан, сөз өнөрүн аздектеген даанышман ойчул. Анын өз акылынан, ой толгоо, тажрыйбасынан жаралган 22 миңден ашык учкул сөздөр кыргыз адабий тилинин байышын кошкон зор салымы болуп саналат. Терең ойду камтыган, кыска-нуска акылман кептер калың элдин катмарына сиңип, эл оозуна аңыз болуп айтылып, көрнөк-жарнактарда илинип, келечек урпактар үчүн зор тарбиялык милдет өтөп келет.

Кыналышып, кылдат чебер жазылган, курч таасирлүү ырлар Ү.Асаналиевдин акындык талантынын күбөсү. Айрыкча лирикалык ырлары сезимди козгоп, махабаттын аруулугун даңазалайт. Ар түрдүү тематиканы камтыган рубаилери 4 саптын ичине турмуштун терең сырларын камтып, сап санат экендигин айгинелейт.

Ү.Асаналиев табиятынан жогорку маданияттуу, жан дүйнөсү назик, турмушту туя билген, акылман акелердин жолун улаган кыргыздын чыгаан уулдарынын бири. Адам көңүлүн оорутпаган, кепти кыябына келтире айткан, жылдызы жарык, жөнөкөй, бой көтөрбөгөн адам.

«Жерден жарака кетсе, акындын жүрөгү аркылуу өтөт» дегендей көйгөйлөрдү, көңүл чөгөргөн көрүнүштөрдү, ачуу чындыкты «Ажыдаарлар алааматы» деген ырлар жыйнагында чагылдырган. Бийлик, мансап жеңил адамды түп тамырынан бери өзгөртөрүн, бири дөөлөтүн көтөрө билерин, бири дөөлөтүнө мас болорун, бири калың элдин багын ачса, бири калың элдин шоруна калган башчылар жөнүндө адамды терең ойго кабылткан ойлору, ыр саптары урпактар үчүн үлгү. Акындык өнөрдүн парзы мына ушунда.

Ү.Асаналиев кыргыздын залкар күүлөрүн ийине жеткире гана аткарбастан, өзү дагы мукам күүлөрдү жарата билгендиги менен өзгөчөлөнөт. Күүлөрүндө замандын оош-кыйышы, сүйүү, өмүр, өлүм темалары үч кыл комуз ыргагында терең баяндалат.

Анын колуна комуз алып күү жараткан өнөрү, адамкерчилиги энеси Шабы эненин таасиринен улам болуу керек. Жарыктык Шабы эненин 90 жаштан өткөн кезинде ооз комузда ойногон күүлөрү Венгрия жергесинде кассетада чыгарылган. Ушул эле кассетада уулу Ү.Асаналиевдин дагы үч кара күүсү жазылган.

Лирикалык ырларга обон жазылып, эл арасында ырдалып жүрсө, анда ал ырлардын өлбөстүгү деп билебиз. Анын мукам ырларына залкар обончу М.Рыскулбеков, Майра Керим кызы,
К. Бийлибаев өңдүү белгилүү обончулар обон жаратышкан.

Көп кырдуу өнөрпоз котормочулук жаатында дагы үзүрлүү эмгектенип келет.

Элге эмгеги сиңип, таланты менен таанылган, кадыр барктуу адам бир нече сыйлыктарга эгедер: Эл агартуунун отличниги, Эмгек ардагери, Кыргыз ССР Жогорку

Советинин Президиумунун Грамотасы (1959), Ысык-Көл областык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы (2010), Жети-Өгүз районун ардактуу атуулу (2010). Республикалык комузчу-күүчүлөрдүн кароо сынагында К.Орозовдун 110-жылдык маарекесинде (3-орун) диплом (1993), 1995-жылы Мухамед Пайгамбардын туулган күнүнө карата түрк тилдүү акындардын кароо-сынагынын жеңүүчүсү катары Түркиянын Анкара шаарында болуп «Кутлу догум хафтасынын мансиону» болгон, Улуттук гезит «Кыргыз туусу» уюштурган «Кыргыз Туусун көтөргөндөр» конкурсунда 1-орун (2006), «Ойчул акын Арстанбек, Калыгул жана Ысык-Көлдүн даанышман акелери» конкурсунда баш байге (2006), Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнү эмгек сиңирген кызматкер (1999), КР алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн персоналдык пенионер (2002), К.Карасаев атындагы Бишекек гуманитардык университетинин «Карасаев сыйлыгынын лауреаты» (2012).

Кыргызды кыргыз кылып турган чыгаан уулу Ү.Асаналиев бар болуңуз. Баалуу сапаттарыңыз кыргыз тукумуна кошо берсин!

**Илимий эмгектери:**

1. Талас-рун жазуу эстеликтери (1993).
2. Кыргыз жазуусунун жана орфографиясынын кээ бир маселелери (1993).
3. Орхон-Енисей жазууларына машыгуу (1994).
4. Байыркы түрк тилиндеги топонимдер (2008).
5. Лобнор тилинин грамматикалык кыскача очерки (1964).
6. «Кутадгу билиг» эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү (1967).
7. Тунгус – манжур, монгол байыркы түрк жана кыргыз тилинин кээ бир лексикалык параллелдер (2003).

**Окуу китеби:**

1. Адеп. 5-класс үчүн окуу китеби. – Каракол, 2006.
2. Адеп. 6-класс үчүн окуу китеби. –Бишкек, 2012.

**Илимий макалалары:** - 100 дөн ашык.

**Көркөм чыгармалары:**

1. Арзуу: (Бишкек, 2003).
2. Сөз – сөөлөт (1999).
3. Ой – оомат (2002).
4. Кеп – кербен (2002).
5. Акылман үкү (2003).
6. Сап – санат (Бишкек, 2008).
7. Жакшы сөз – жан азыгы (Бишкек, 2008).
8. Аалымдарга азил арноо (Каракол, 2010).
9. Ажыдаарлар алааматы (Каракол, 2011).
10. Өрнөктүү өмүр (Каракол, 2011).
11. Карга аке (Бишкек, 2011).

12. Сөз – сөнбөс жарык (2012).

**Котормолору:**

1. Хакас эл жомоктору (1974).
2. Беларус эл жомоктору (1976).
3. Ак сөз арыбайт (алтай, хакас, тува, уйгур тилдери боюнча) (1977).
4. Чыгыш элдик макал-ылакаптары (1980).
5. Орус эл жомоктору (1985).

**Күүлөрү:**

1. «Сагыныч».
2. «Кашка-Суу».
3. «Замана».
4. «Жаралуу марал».
5. «Кең Каркыра».
6. «Кыял».
7. «Куса».
8. «Желтоксон».
9. «Карамолдону эскерүү».

Мындан тышкары 20 дан ашуун обондору бар.